**Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин гуманитардык усулдук бирикменин 2022-2023-окуу жылындагы**

№1 ТОКТОМУ

Катышканы: 6
Катышпаганы: жок
Өтүү күнү: 29 август

**Күн тартибинде:**

1. Усулдук бирикменин 2021-2022-окуу жылында жүргүзүлгөн иштери боюнча анализ.

2. 2022-2023-окуу жылы үчүн усулдук бирикменин жылдык иш планын талкуулоо жана бекитүү

3. 2022-2023-окуу жылында календардык пландарды түзүү жана бекитүү.

**Угулду:**

**1.** 1-маселе боюнча: бирикме жетекчиси Акималы кызы Кыял 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштерге жана ар бир предметтик мугалимдерге анализ берди: (1-тиркеме) «Былтыркы окуу жылында негизинен пландалган иштер жана ачык сааттар толук түрдө аткарылды. Жетишкен жактарыбыз менен бирге кемчиликтерди жоюнун үстүндө иш алып баралы».

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Макишова Сайкал: «Былтыркы окуу жылда кыргыз тили сабагынан берилген ачык сабакты ден соолугума байланыштуу убагында өтүлбөй калды. Мындай кемчиликтердин быйылкы окуу жылында кетирбегенге аракет кылам».

**Чечим:**

1. 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштер жакшы деп табылсын.
2. Жаш мугалимдердин сабак өтүүсү өз учурунда бирикме жетекчиси жана насаатчысы менен биргеликте текшерилип турсун.

**2.** 2-маселе боюнча: бирикме жетекчиси Акималы кызы Кыял маалымат берди: «2022-2023-окуу жылындагы бирикменин ичиндеги алып барылуучу иштердин иш мерчеми түзүлгөн. Азыр аны менен таанышып, алымча-кошумчаларды киргизели. Андан тышкары планда берилген тапшырмаларды ар бир мугалим жоопкечилик менен иш алып баргыла! Түзүлгөн жылдык иш мерчемге сунуш пикирлериңер болсо айткыла!». (2-тиркеме)

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Макишова Сайкал: «Жылдык иш мерчем менен тааныштык, менин оюмча мерчем туура түзүлгөн. Эми ушул мерчемдин негизинде жоопкерчилик менен иш алып барышыбыз керек».

Табылды кызы Анаркүл: «Биз таанышкан мерчемдеги отурумдун темасына өзгөртүү киргизип «Окуп-үйрөтүүдөгү күтүлүүчү натыйжалар» деген темада иш алып барсамбы дегем».

**Чечим:**

1. Жаңы окуу жылына УБнин жылдык планы бекитилсин.
2. Мерчемде берилген тапшырмаларды предметтик мугалимдерге учурунда аткаруусу милдеттендирилсин.

**Угулду:**

**3.** 3-маселе боюнча: бирикме жетекчиси Акималы кызы Кыял: «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августу, №1529/ 1 буйругунун негизинде базистик окуу планы боюнча 2022-2023-окуу жылына карата календардык пландарыбызды так жана туура жазабыз. Окуу жылы башталгыча бүтүрүп, директорго бекиттирип, даярдап коёлу. Планды түзүүдө ар бир чейректе өтүлүүчү сабактардын саатын санап, окуу планы менен дал келгендей кылып жазалы. Кийин программадан ашып кетүү же жетпей калуу болбошу керек».
«Быйылкы окуу жылында биздин бирикмебизге эки жаш мугалим келип кошулду, сиздер дагы календардык планыңыздарды насаатчынар менен биргеликте, так жана туура кылып түзүңүздөр».

**Жарыш сөзгө чыккандар:**

Омор кызы Айнур: «Министерстводон келген программанын негизинде календарлык пландарды түзүп жатабыз. Жыл аягында так-туура чыгат деп ойлойм».

Самудинова Эльзада: «Мен август кеңешмесине барганда календардык план өзүмдүн тарых предметим боюнча кандай болуп жазылаарын билип, үйрөнүп келдим. Ошол боюнча жазып жатам»

**Чечим:**

1. Усулдук бирикме мүчөлөрүнө мамлекеттик стандарт программанын үстүндө иш алып барылсын.

2. УБ мүчөлөрү бөлүнгөн сааттар менен иш алып барышсын, ар бир сабакка план – конспект жазылсын.

3. Иш убагында техникалык – коопсуздук эрежелерин сактоо сунушталсын.

Бирикме жетекчиси: Акималы кызы Кыял

Катчы: Сатиева Перизат.